# Б тамгасы




Авторлор: Миргүл Наралиева, Батмахан Абдухамидова,
Венера Турдумамбетова, Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Б тамгасы

Авторлор: Миргүл Наралиева, Батмахан Абдухамидова,
Венера Турдумамбетова, Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Б тамгасы", "Балыр" (кыргыз тилинде), автор Миргүл Наралиева; "Булбул" (кыргыз тилинде), автор Батмахан Абдухамидова; "Бантик"  (кыргыз тилинде), автор Венера Турдумамбетова; "Бакай жана балык" (кыргыз тилинде), автор Бакытжан Мырзатаева , сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

# Б тамгасы



Бул булбул – көлдө,
Бир булбул – төрдө.
Бул булбул – бакта,
Бир булбул кайда?
Булбулдай айткан,
Бул булбулду макта!

# Булбул



Бул – булбул.

Булбул бакта сайрайт.

Булбул үнү мукам болот.

Мен булбул үнүн уккум келет.

Мукам ырдаган ырчыны булбул дешет.

Булбулдай мукам үн менен ырдагым келет.


# Балыр



Балыктын канаты,
Абдан катуу ооруду.
Балырды дары болот деп,
Атайын барып оролду.



Көп оролуп алдыбы,
Кыймылдабай оболу.
Дем ала албай калды,
Бекилип бакалоору.



Балырды дары болот деп,
Дарыгерден укканбы.
Канаты кайра кыймылдап,
Өзүн-өзү куткарды.

# Бантик



Бакытай бактын түбүнөн ак бантик таап алды. Аны адегенде көпөлөк деп ойлоду. Бантикти алайын деп коркуп турду. Бул ак бантик Берметтики экенин тааныды. Ал аппак бантикти Берметке берди. Бермет ыракматын айтты.

# Бакай жана балык



Балдар менен кайык минип,
Бакай көлдөн балык алат.
Байкап туруп тартты илип,
Балык туйлайт аны карап.



Ак балыкты Бакай кармайт.
Аппак кардай боорун карап.
"Койо берем!"– дейт, кооз арбайт.
Колдору да ооруп барат!



Кайырмактан алды Бакай,

Канаттарын тарап туруп:

– Балдар! – деди токтоо карай,

Балык көлдө калат тунук!



Бакай менен болуп ынак,
Балык көлдөн кетти ыраак.
Бакай кылган жакшылыкты
Балдар баары байкап турат.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Авторлор: Миргүл Наралиева,
Батмахан Абдухамидова,
Венера Турдумамбетова,
Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |